УДК 373.3:39
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-2-119-124

# ВОСПИТАНИЕ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ С ПОМОЩЬЮ СРЕДСТВ ЭТНОПЕДАГОГИКИ

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* В настоящее время глава государства поставил задачу углубления просветительской работы через традиции, обычаи, историю, культуру народа, кыргызский язык, что будет способствовать дальнейшему сохранению государственности. Кыргызы, имея древнейшую историю, из поколения в поколение передавали традиции, обычаи, фольклор, легенды, сказки, сохранили величайший эпос "Манас" и малые эпосы. Народные традиции, являющиеся средствами этнопедагогики, имеют первостепенное значение в воспитании детей в семье, а также в начальном образовании. Очень сильно влияние народных традиций, особенно на подрастающее поколение. Великий русский педагог-классик А.С. Макаренко писал: "Ничто не может укрепить общество, как традиции. Важнейшая задача образования – культивировать и сохранять традиции". В статье рассматриваются инструменты этнопедагогики, концепции семейного воспитания детей, значение фольклора и эпоса "Манас" в образовательном процессе.

*Ключевые слова:* традиции; обычаи; сказки; легенды; эпосы; "Манас"; пословицы; семья; нравственность; любовь к Родине.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ОКУТУУ

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* Учурда мамлекет башчыбыз элдин каада-салты, үрп-адаты, тарыхы, маданияты, кыргыз тили аркылуу мамлекеттүүлүктү мындан ары да сактоого өбөлгө боло турган тарбиялык иштерди тереңдетүү милдетин койду. Кыргыздар байыркы тарыхка ээ болуп, каада-салттарды, үрп-адаттарды, элдик оозеки чыгармаларды, уламыштарды, жомокторду муундан-муунга өткөрүп, эң улуу "Манас" эпосун жана чакан эпосторду сактап келген. Этнопедагогикалык каражат болуп эсептелген элдик каада-салттар башталгыч билим берүү менен бирге үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо биринчи даражадагы мааниге ээ. Айрыкча жаш муундарга элдик салттардын таасири абдан күчтүү. Орустун улуу классик-педагогу А.С. Макаренко мындай деп жазган: "Коомду салттардай эч нерсе чыңдай албайт. Тарбиялоо ишинин эң негизги милдети – салттарды өрчүтүү, аларды сактап калуу". Макалада этнопедагогикалык каражаттар, ата-эне, үй-бүлө түшүнүгү, фольклор жөнүндө, "Манас" эпосунун тарбиялык мааниси тууралуу баяндалган.

*Түйүндүү сөздөр:* каада-салттар; үрп-адаттар; жомок; уламыш; эпостор; "Манас"; макал-лакаптар; үй-бүлө; адеп-ахлак; Ата Мекенди сүйүү.

# EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS BY MEANS OF ETHNOPEDAGOGY

***S.A. Kongaitieva***

*Abstract.* Currently, the Head of state has set the task of deepening educational work through traditions, customs, history, culture, the native language of the Kyrgyz people, preserving their statehood. The Kyrgyz people, being an ancient people, had no written language and were not familiar with the customs, customs, oral works of the Kyrgyz people. We all know that by telling legends, fairy tales, dastans, small epics, we brought up future generations. Primary education in the upbringing of children in the family, folk traditions are of the greatest importance, which are a means of ethnopedagogy. The influence of folk traditions is very strong, especially on the younger generation. The great Russian classical teacher A.S. Makarenko wrote: "Nothing strengthens society like traditions. The most important task

of educational work is the upbringing of traditions, their preservation”. The article means of ethnopedagogy, the concept of parent, family, about "folklore", about the meaning of the modern epic "Manas" in the field of education.

*Keywords:* traditions; customs; fairy tales; legends; epics; Manas; proverbs; family; morality; patriotism.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкты алгагандан бери 30 жылга жакын аралык өттү. Мына ушул убакытта кыргыз элин улут кылып сактап турган анын эне тили жана этнопедагогиканын каражаттары менен келечектеги жаш балдарды нукура кыргыз элинин тарыхы, маданияты, каада-салты, фольклору аркылуу тарбиялоо – азыркы күндө актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Мамлекет жана Билим берүү министрлик тарабынан иштер жүрүп жатат. Бирок жогорку талаптарга жооп берээрлик эмес. Кыргыз мамлекетибизде жашап жатып, балдарыбызды башталгыч класстан тарта нукура кыргыз кылып тарбиялоо абзел.

Мында ар кандай факторлор бар. Атап айтсак, базар экономикасына байланыштуу колунда бар ата-энелер жеке менчик, орус тилдүү мектептерге, бала бакчаларга окутуп-тарбиялатып жатышат. Кээ бир учурларда конференцияларда, жолугушууларда бул маселелер көтөрүлөт. Мындай фактор ата-энелер балдарынын келечектеги жумушун перспективасын ойлоп, ал эми орус тилсиз кыйналып каларын айтышат. Себеби орус тилинин Кыргызстанда расмий макамга ээ болуп, БУУнун бирден-бир расмий тили болуп саналарын жана башка ушул сыяктуу факторлорду айтышат. Автор балдарды орусча окубасын деген ойдон алыс, бирок балдар орусча ойлонуп, орусча жашап, кыргыз элинин этномаданий турмушунан алыс болуп, кызыгуусу жок болуп калууда. Себеби окуган материалдарынын баары орусча, баарлашуусу орусча. Курчап турган социалдык чөйрө сөзсүз түрдө баланын өнүгүүсүнө таасир берет. Албетте, ааламдашуу жарыяны жана башка Батыштын, “Азиянын арстандары” деп аталган Чыгыш мамлекеттеринин жумшак күч саясаттары да өз таасирлерин тийгизүүдө.

Биздин кыргыз интеллигенциясынын “каймактары” ошол кыргыз тилдин тагдыры үчүн күрөшүп, репрессияга кеткендиктеринин бирден-бир себеби болгон. Мындай учурда мамлекеттик бийликтен баштап, коомчулук, үй-бүлө мүчөлөрү бардыгы жапа тармак киришүүсү зарыл. Ансыз деле мамлекеттеги социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн негизинде сырткы миграция күчөп, көп кыргыз жарандары чет мамлекеттерде иштеп, жашап жүрүшөт. Мындай кырдаал алардын көпчүлүгүнүн балдары, ошол элдин тилинде окуусуна мажбур кылууда. Ошондуктан тиешелүү мекемелер кыргыздар жыш жайгашкан чет мамлекеттерде кыргыз тилдүү класстарын ачуу маселесин карап чыгуусу керек.

Улуттук тил маселеси постсоветтик өлкөлөрдө курч маселе боюнча калууда. Себеби Советтер Союзунун учурунда мамлекеттик саясат улуттук тил маселесинин өнүгүшүнө жол бербей, көп маани берилген эмес. Жыйынтыгында 70 жылдын ичинде тил маселеси чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Ал эми Советтер Союзунун урашы мамлекеттик түзүлүштөн тартып, коомдун ар кыл актуалдуу маселелерин кайра карап чыгууну шарттады. Бул жагдайда кыргыз тилинин ролу, жеткинчектерди туура тарбиялоо, Ата Мекенди сүйүү маселелери да бар.

Советтер Союзу тарагандыгы менен Орусия мамлекети Борбор Азия чөлкөмүндө өз таасирин жогото элек, эки тараптын тең улуттук кызыкчылыктарына жооп берген мамлекеттер аралык байланыштар ар кыл тармактарда өнүгүүдө. Бирок мындай абал орус тилинин аймактагы ролуна да таасир этүүдө, ал жогорудагы геосаясий, маданий, демографиялык жана этностор аралык байланыштар сыяктуу көптөгөн факторлор менен шартталган. Мындай кырдаал Борбор Азия өлкөлөрү тил саясатын этият жүргүзүүсүнө өз таасирин тийгизбей койбойт. Бирок, ошого карабастан, тил саясаты Борбор Азия мамлекеттеринин арасында ар кандай жүргүзүлүүдө. Атап айтсак, Казахстандын тунгуч президенти Нурсултан Назарбаев 2017-жылы Тараз шаарындагы иш сапарынын алкагында бала-бакчалардын башчылары, мектеп директорлору менен жолугушуп, казакча бала-бакчаларды ачып, жаңы

тили чыккан балдар “мен казакмын” дегендей болуп, “казакча окуу китептерин көп пайдалангыла!” деп буйрук иретинде маселени курч койгон. Бул жагдай мамлекет башчысынын чыныгы патриот экенин көрсөтүп турат.

Албетте, тил саясаты боюнча мамлекеттик программалар иштелип чыгып, ал жазуу ирээтинде гана калбастан иш жүзүнө ашуусу керек. Иштелип чыккан долбоорлордун жүзөөгө ашыруу механизмдери так жана эффективдүү болуусу эң маанилүү. Канча деген мамлекеттер тили жок мамлекеттүүлүгүнөн ажырап отурат. Ч.Т. Айтматов: “Тил – бул элдин автопортрети”, “Тил тагдыры – эл тагдыры”, ал эми Т. Сыдыкбеков айткандай: “Тил аркылуу дүйнө жүзү сенин элдүүлүгүңдү тааныйт”.

Кыргызды Манас сактаса, Чыңгыз кыргызды дүйнө жүзүнө даңктады. Улуу жазуучубуз кыргыз тилин даңазалап, өзүнүн Шекерин дүйнө жүзүнө таанытып кетти, баарыбызга белгилүү болгондой, 1995-жылы демилге көтөрүп, эпос “Манастын” 1000 жылдыгын өткөрүп, даңазалап кетти. “Манасты” дүйнө жүзү тааныды. Ушул Чыңгыз Айтматовдун ишин андан ары улантып, кыргыздын балдарын Манастын урпактары кылып тарбиялап кетүү ар бир мугалимдин жана ата-эненин милдети. Азыркы учурда билим берүү тармагында иштеген бардык жарандар ушул маселени жоопкерчилик менен колго алыш керек.

Белгилүү этнопедагог Абдыкерим Муратовдун изилдөөсүнө таянсак, ал Чыңгыз Айтматовду адамдын жан дүйнөсүнө аралашып, каармандардын тагдырларына кадимкидей аралашып, каармандардын тагдыр-таржымалдарына кадимкидей жуурулушуп, биз окутуп жаткан балдардын теңтуштарын, курбалдаштарын да чыгармаларына аралаштырып, адам таңы балалыктын улуу гуманистерчесинен аздектеп да, кыл калеминин алоосунан боор толгоп, наристе балдарга жан тартып келерин баса белгилеген. Биздин оюбузча, азыркы мектеп балдары жазуучунун жаш каармандарын жан жолдошторундай сүйгүнчүк менен карашып, алардын көйгөйлүү күйүтүн, көтөрүңкү романтикалык кубаныч өрөпкүүсүн тең бөлүшүп, алар менен коюн-колтук алышып, Кирист Көк жээгин күткөндөй, Бала Ак кемесин, Султанмурат турналарды күткөндөй, окуучуларыбыз буларды идеал катары, таяныч жөлөк катары, боё сезимдерин козголткон рухий күч катары санашат, ал образдар китеп бетинен чыгып, жаш окурмандардын жүрөгүнө, тил туюмунда жашап келет. Мына ушул рухий күчтү жараткан жазуучунун чыгармаларын окутуу, өзгөчө чоң түйшүктү талап кылат. Ишке ашырууда мугалим өзү Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын терең окуп билип, аны балдардын жүрөгүнө жеткирүү үчүн өтө бийик деңгээлдеги педагогго байланыштуу речи, үн кубултуп окуусу, артикуляцияны туура пайдалануусу балдарды туура сүйлөөгө, эмоцияга берилүүсүн, образдарды ажыратуусу, ак-караны айрымалоого, адамды баалоого алып келип, адамдык бийик сапаттарды калыптандырат [1].

Үй-бүлө – тарбиянын башаты. Биз тарбиялаган бала биринчи үй-бүлөдө жаралат, ыңаалап жарык дүйнөгө келип, эң биринчи эне сүтү менен азыктанат, энесинин мээримин алат. Баланы тарбиялоодо эң биринчи кезекте келечектеги ата-энеси балалуу болууга даяр болушу керек. Перзенттин жарык дүйнөгө келишин бүт үй-бүлө сүйүнүч менен күтүп алуусу керек. Келечектеги эне, б. а. жаш энелер, эне болууга даяр болуу менен келечектеги перзентинин ден соолугу сак болуп төрөлүшүн камсыз кылуусу зарыл. Эненин ичиндеги түйүлдүк эненин жатынында энеден азыктанат. Кыргыз элинде “талгак” деген түшүнүк бар.

Мына Манас бабабыздын жарыктык дүйнөгө келишине Чыйырды энебиз жолборстун жүрөгүнө талгак болгон. Эненин талгагын кандыруу үчүн атпай журттун бардыгы камкордук көрүп жолборс жүрөк эр Манас төрөлдү. Кыргызды сактаган,

“Кулаалы таптап куш кылган,

Курама жыйнап журт кылган” баатыр Манасыбызга мамлекет журт башчыбызга кылган калайык калктын камкордугу.

Азыркы учурда талгакты кана жемек тургай жашаган жери жок, дарыгерге барып каттоого тура албаган канчалаган жаш энелер жүрөт. Келечек муунга эң биринчи ата-эне, андан кийин мамлекет камкордук көрүш керек. Балаңдын ден соолугу чың болсо, ата-эненин бактысы. Өнүккөн коомдун, мамлекеттин келечеги. Базар экономикасына байланыштуу азыркы

учурда ата-энелер балдарды бала баккычка (нянька) бактырып жатышат. Эч качан бала өзүнүн энесинен, кучагынан жылуулук алмайынча мээримдүү, боорукер адам болуп чыкпайт.

Миң эсе бала баккыч жакшы көрсө да, тубаса эненин мээриминдей мээрим болбойт. Ата-эненин бирине болгон сүйүүсү, мамилеси, кадыр-баркы бардыгы балдар үчүн күзгү үлгү. Керек болсо, мигрант ата-энелерибиз тааныштарына таштап кетип жатышат. Багат, көрөт деген тууган-туушкандары, ага-жеңеси эмне деген кордуктарды көрсөтүп жатат. Анын баарын өз көзүбүз менен көрүп, гезит-журналдардан жүрөк титиреткен окуяларды окуп жатабыз.

Ошондуктан келечектеги ата-энелер баланы жаратаардан мурда миң ойлонуп толгонуп, чечимге келиши керек. Бала – сенин келечегиң.“Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың”, – деген кыргыздын макалы бар.

Психология илими аныктагандай, баланын инсандык сапаттары 13 жашка чейин калыптанат. Эгерде бала тарбияланган үйдө чоң эне, чоң аталар болсо, андан да жакшы болмок. Илгери “чоң үй” деп аталар эле. Бала көрүү менен эле улууларды урматтоого, салам айтууга, жардам берүүгө, мал чарбачылык менен алектенүүгө, жер менен иштөөгө өздөрү эле калыптанып калат.

Мына чоң ата, чоң энелер нарктуу сөздөрүн, санжыра, жети ата түшүнүгүн айтып кулагына куйса, балада Ата Мекенге болгон сүйүү, ата-бабаларыбыздын тарыхын билет. Тарыхый инсандардын кайсы өрөөндөн белгилүү адамдар чыкса, ошолордун тарыхын айта жүрүү – кары адамдардын парзы. Азыркы чоң эне, чоң аталар баарысы эмес, айрымдары өздөрү билбейт жети атасын. Анан небересине эмнени үйрөтмөк эле?

Ар бир ата-эне кыргыз болгондон кийин кыргыздын каада-салтын, үрп-адатын билиш керек. Ар бир салтты айтуу менен практика жүзүндө пайдаланууга үйрөтүш керек. Мисалы, кыздарга кырк үйдөн тыюу, кыз бала бутун учкаштырып олтурбайт, улуу адамдардын алдынан өтпөйт. Ал эми уул балага дайыма улуу адамдарга салам айт, аттан түшүр, колуна суу куй, мал сой, чөптү чап, малдарды кара, мына ушуга окшогон милдеттерди, каада-салттарды айтып кулагына куйса, ал үй-бүлөдөн жаман бала чыкпайт.

Ар бир адам балалык мезгилден өтөт. Балдан таттуу балалыкты, мен дагы неберелеримди көрүп “Балалык” деген ыр жараттым эле. Ошону берип коюну туура таптым:

***Балалык***
Кандай сонун балалык!
Тал чыбыкты ат кылып,
Жан дүйнөсү айнектей,
Тунук суудай таптаза,
Көрө албастык, ач көздүк
Ал өзүнөн жат кылып.

Кандай сонун балалык!
Жоктон барды кыл деген,
Ата-энесин кыйнаган,
Ичинде жок куулугу,
Аруу сезим туптунук.
Жамандыкты кылбаган.

Кандай сонун балалык!
Түйшүк менен иши жок,
Каалаганын жасаган,
Тентектенет ойнойт шок,
Чарчабастан жүгүрөт.
Жүрөгүндө күйүп чок.
Эң кымбат бул балалык!
Балалыкты баалай бил,
Окуп иштеп талыкпай,
Шайырланып ойноп-күл,
Киндик кан тамган жериңди
Ар убакта коргой бил.
Бапестеп багып өстүргөн
Эне-атаңды сыйлай жүр! [2].

Эне деген ыйык. Анын ак сүтүн актоо, эненин карызынан кутулуу – уулдун адамдык парзы, өмүрүнүн мүдөөсү. Энени төбөгө көтөрүп урматтоо – бардык пенделер үчүн бузбай, аттабай турган адеп-ахлактык мыйзам [3].

“Эне” менен “ата” эгиз түшүнүктөр экени белгилүү. Кыргыздын түшүнүгүндө бала – атанын руханиятынын уландысы, мурасчысы. Уулкыз кыз үчүн ата-тутуна турган тутка, кармана турган туу. Жарык дүйнөгө жаралган “туяк”, тукум өзүнүн милдетин жана өмүрүнүн маңызын атанын руханий-патриоттук салтын улантуудан көрүп келген.

Ошентип, ата-эне-бала карым-катышындагы ата-бабаларыбыздын салттуу таалим-тарбиясынын өзөгүндө, биздин көз карашыбызда, биринчиден, алардын аз ара жуурулушуусу, бири бирине карата боорукер, мээримдүү жапакеч, урмат сыйлуу ызааттуу мамилесин жана элдин жааматташып жашоосунун өрнөктүү эреже-нормаларынын талаптарын жаш муунга жеткирүү, түшүндүрүү, сиңирүү зарылчылыгы жаткан.

Биздин ата-бабаларыбыз илгертен эле жомок, уламыш, макал-лакаптар менен келечек муундарды тарбиялап келишкендиги белгилүү. Фольклор түшүнүгү XX кылымга чейин эле кыргыз элинин коомдук аң-сезимин, көз караштарын жана эстетикалык тажрыйбасын туюнтуунун негизги каражаты жана ыкмасы болгон. ”Фольклор” түшүнүгү, англис тилинен которгондо, “элдик акылмандык, элдик билим” дегенди түшүндүрөт жана өзүнө кеңири маанини батырат.

Мындан адамдын бардык ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн, чөйрөлөрүн жана багытын көрүүгө болот. Элдик оозеки чыгармалыкта ар кандай табигый кубулуштарды, жаратылышты жана турмуштук көрүнүштөрдү окуя, мүнөз, элес аркылуу баяндоо ыкмасы менен көркөм форма жомок болуп эсептелинет. Мунун эквиваленти – эпикалык жанр. Башкача айтканда, жомок менен эпикалык чыгармачылык – бирдей түшүнүк. Балдар фольклоруна жомоктун бардык жанрдык түрлөрү – уламыш, болмуш, тамсил, жөө жомок, дастандар – түз жана кыйыр түрдө тиешелүү.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы баяндама-аңгемелер уламыш менен болмуш. Булардын мазмуну негизинен бири бирине жакын болгондуктан, аларды ажыратуу да кыйын.

Болмуштун жаралышына качанкы бир окуя түздөн-түз себеп болот. Турмушта болгон көрүнүш окуялар чагылдырылып, көркөм мазмуну оор окуялуу болуп, трагедиялуу аяктайт. Мисалы, “Толубай сынчы”, “Токтогул ырчынын баласы”, мисалы, “Токтогулдун баласында” алдуулар алсыздарды муунтуп, ошол кездеги айыгышкан жоокерчилик заманда бала башка элге кул болгусу келбеген айлакерлиги, ата-журттун ыйыктыгы бааланат.

Айбанаттар жөнүндө тамсилдер мында адамдардын мүнөздөрү, айбанаттарга салыштырмалуу кыйыр формасында айтылат. “Айбанаттардын достугу, “Кыргый менен Үкү, ошондой эле турмуштук жөө жомоктор, фантастикалык жөө жомоктор, мында сыйкырдуу күч, өмүрдү узартуу үчүн дайыма мүрөктүн суусун, кененчиликти ойлоо “жайыл дасторкон”, бир жерге тез жетүүнү кааласа, “Учуучу килем”, “таш күзгү” жаман менен жакшылыкты ажыратууга, адилеттик менен адилетсиздик, жакшылыкка умтулууга, адамдарды оң жана терс каармандарга ажыратууга үйрөнүшөт [4].

“Фольклор” бардык эле элдерде бирдей өнүккөн эмес. Көлөмү жагынан дүйнө жүзүндө тең келээрлик эпос жок. Белгилеп кетсек, 553 000 ыр саптарынан турат. Азыркы учурда “Манас” эпосуна карата жакшы саамалык иштер жүрүп жаткандыгын белгилеп кетсек болот.

“Манас” эпосун мындан ары өнүктүрүп элге жайылтуу боюнча, жаштарга “Манас” эпосу боюнча толук маалымат берүүнү камсыз кылуу, ”Манастаануу” академиясынын ачылгандыгы жүрөк кубантарлык иш. Ошондой эле Манас айтуу конкурстар уюшулуп жатат. Бул көрүнүш актуалдуулугун жоготпой азыркы күндөгү суусап турган патриоттук сезимдерди жандандыруу, Ата Мекенге кызмат кылуу, көз караштарын бекемдөө үчүн жасалган иш чара деп ойлойм. Азыркы учурда үй-бүлөдөн, бала-бакчадан, орто мектеп окучууларынан баштап, “Манастан” үзүндү айтууга милдеттендириш керек. Манас бабабыздын “Кулаалы таптап куш кылып, курама жыйнап кылган журту”, азыр кайра чачылып, тышкы миграция, башка улуттардын өкүлдөрүнүн биздин жерге келип отурукташуусу күн санап көбөйүүдө. Бара-бара кыргыз жарандары улам чет мамлекетинин жарандыгын алып, ошол мамлекетте түбөлүк жашап калса, кыргыз эли азайбаганда, көбөймөк беле. Жакыптын байлыгы менен Манас Алтайда жердеп жашап калса да болмок, алар Ала-Тоону эңсеп, кырк үйлүү кыргыз элин көчүрүп келип, кыргыз элин эл кылып, кыргыз жерин жер кылып, касиеттүү Ала-Тоону сактап калганын эсибизден чыгарбашыбыз керек.

Этнопедагогиканын дагы бир составдык бөлүгү болгон макал-лакаптар аркылууда жаш жеткинчектерди тарбиялоо манилүү. Кайсы эл өзүнүн басып өткөн тарыхына, маданиятына,

каада-салтына, үрп-адатына зор ынта менен кайрылса, аны үйрөнүүгө дилгирленсе, ошол элдин маданиятынын, билиминин чыныгы жогорку деңгээлде тургандыгын айгинелейт.

Кыргыздын макал-лакаптарынын ар бirinде эмне деген терең философиялык, тарбиялык, лексикалык маани жатат.Таалим-тарбия билимге, өнөр ээси болууга басым жасоо. Мисалы: “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат”, “Билим алуу ийне менен кудук казгандай”, “Өнөр алды – кызыл тил”, “Билеги күчтүү бирди жыгат, билими кучтүү миңди жыгат”.

Ынтымак – жааматка, эриш – аркактыкка: “Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка”, “Ырыс алды – ынтымак”, “Көп түкүрсө көл болот”, “Карынын сөзүн капка сал”, “Улууга – урмат, кичүүгө – ызат”.

Ата журтту ыйык тутуу “Туулган жердин топурагы – алтын”, “Үңкүр да болсо, үйүм жакшы”, “Киндик кан тамган жер”, “Ата журтум – асыл турагым” ж. б. [5]. Этнопедагогиканын каражаттары эч качан өзүнүн нарктуулугун, баалуулугун жоготпойт. Тескерисинче, кыргыз барда ар коомго жаңыча көз караш, маани маңызын ылайыкташтыруу менен, келечек муундарды тарбиялоодо көөнөрбөс нуска жана алтын казына бойдон кала берет.

Жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо этнопедагогиканын ар бир каражаты маанилүү жана эффективдүү экендигин баса белгилейбиз. Этнопедагогиканын ар бир каражатын комплекстүү, заманга шайкеш пайдаланууну туура деп эсептейбиз.

Поступила: 14.01.22; рецензирована: 28.01.22; принята: 31.01.22.

***Адабияттар***

1. *Муратов А.* Адабият – ыйман сабагы / А. Муратов. Бишкек: Мектеп, 1993. 157-б.
2. *Конгайтиева З.А.* Тилегим / (тестиер жеткинчектерге арналат) / З.А. Конгайтиева // ААК “Эркин-Тоо”. Бишкек, 2009. 11–12-б.
3. *Колдошев М.* “Ата – бала” жана “эне – бала мамилелери “Манас” эпосунда / М. Колдошев // Салттык педагогикалык маданият жана балдар дүйнөсү: VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. Бишкек, 2017. 33–34-бб.
4. *Толубаев Ж.О.* Особенности этнопедагогических идей в воспитании молодого поколения / Ж.О. Толубаев, З.Г. Мадмуратова // Синергия. 2019. № 6. 195–199-бб.
5. *Рахимова М.Р.* Педагогикалык тарыхынын очерктери / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбаева. Бишкек, 1997. 248–250-бб.